УДК 801.7:809.434.1(043.3)

**Азисбекова Айгерим Азисбековна**
И.Арабаева атындагы КМУнун кыргыз тили жана аны окутуунун технологиялары кафедрасынын магистранты
**Азисбекова Айгерим Азисбековна**
Магистрант кафедры кыргызского языка и технологии ее обучения КГУ им. И. Арабаева
**Azisbekova Aigerim Azisbekovna**
Master student of the Department of the Kyrgyz language and technology of its teaching, KSU named after I. Arabaeva

# КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ҮНДҮҮЛӨР СИСТЕМАСЫНЫН ИЗИЛДЕНИШ ТАРЫХЫ

# ИСТОРИЯ ИЗУЧЕНИЯ ГЛАСНЫХ ЗВУКОВ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА

# HISTORY OF THE STUDY OF VOWEL SOUNDS IN THE KYRGYZ LANGUAGE

**Аннотация:** Кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшү, анын системасы жөнүндө бизге чейин көптөгөн илимий эмгектер окуу китептери менен окуу куралдары жазылган. Биз, өткөн кылымдын 20-30-жылдарында жарык көргөн бардык эмгектер (окуу китептери, окуу куралдары) сабатсыз кишилердин сабатын ачууга, мектеп окуучуларынын өз эне тилин билүүгө, жазуу-сызуусун үйрөнүүгө жардам берүүгө багытталганына күбө болдук.

**Аннотация:** О фонетической структуре кыргызского языка и его системе написано множество научных работ, учебников и учебных пособий. Мы были свидетелями того, что изданные работы (учебники, учебные пособия) 20-30-х годов прошлого столетия, были направлены в обучении безграмотным людей научиться читать и писать на родном языке.

**Annotation:** A lot of scientific works, textbooks and teaching aids have been written about the phonetic structure of the Kyrgyz language and its system. We have witnessed that the published works (textbooks, teaching aids) of the 20-30s of the last century were aimed at teaching illiterate people to learn to read and write in their native language.

**Негизги сөздөр:** кыргыз тили, тыбыштык түзүлүшү, окуу китеби, колдонмо, үндүү тыбыштар, үндүү тыбыштардын классификациясы.

**Ключевые слова**: кыргызский язык, звуковая система, учебники, учебные пособия, гласные звуки, классификация гласных звуков.

**Key words**: Kyrgyz language, sound system, textbooks, teaching aids, vowel sounds, classification of vowel sounds.

Кыргыздын тунгуч профессору К.Тыныстанов эмгектеринде кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшү боюнча кабар берип, тыбыштардын үндүү жана үнсүз тыбыштарга ажыратуунун негиздерин, үндүү тыбыштардын жасалышындагы тыбыштык органдардын аткарган ролун көрсөтүүгө зор аракет кылган. Кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшүн баяндоого арналган эмгек К.Тыныстановдун “Ene tilibiz” китеби болуп эсептелет. Аталган китепте кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшү ар тараптан каралып, алар үндүү жана үнсүз тыбыштарга классификацияланган. Үндөшүү законченемдүүлүгүн жаралышы, муун жана анын түзүлүшү, тыбыштардын комбинатордук-позициялык колдонулушу айрым байкоолордун негизинде анализделген, алар бүтүндөй угуу, кабыл алууга байланыштуу жүзөгө ашырылган [Тыныстанов, 1926:12-27].

К.Тыныстановдун бул окуу китеби окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналып, кыргыз тилиндеги тыбыштар жана сөз түзүлүшү менен аларды тааныштырууга багытталган. өзүнүн өтө жөнөкөй окуу китеби катарында аталышына карабастан кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшүн талапка ылайык илимий-методикалык деңгээлде жазылган жана Октябрь революциясынан кийинки кыргыз тил илиминдеги биринчи илимий эмгек катарында бааласак аша чапкандык болбос.

К.Тыныстанов кыргыз тилиндеги үндүү тыбыштарды кыска үндүүлөр (а, ä, о, ö, и, ü, ы, ı, е) жана созулма үндүүлөр (аа, оо, öö, ии, ее, уу) деп бөлүштүргөн. Өз кезегинде кыска үндүүлөр жоон үндүүлөр (а, о, и, ы), ичке үндүүлөр (е, ө, у, і), ачык үндүүлөр (а, ь, е, і), эриндүү үндүүлөр (о, ө, и, у**)** деп бөлгөн. Монофтонгдорду мындай классификациялоо менен бирге жетиштүү тилдик фактылардын негизинде үндөшүүнүн таңдай жана эрин күүсүн сыпаттап, биринчилерден болуп сингармонизм законуна дал келбеген көрүнүштөр кыргыз тилинде орун ала тургандыгын көрсөткөн. Муун жана муун түзүлүшүнүн үнсүз тыбыштардын комбинатордук-позициялык өзгөрүшүнүн кыска мүнөздөмөлөрү, үнсүз тыбыштардын позициялык айкалышы баяндалып, сөздөрдүн түзүлүшү жана алардын ар түрдүү мүчөлөрү сыпатталган.

1934-жылы ушул эле автордун “Кыргыз тилинин морфологиясы” деген эмгеги жарык көргөн. Мында да кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшү кыска түрүндө баяндалган [Тыныстанов, 1996:5-18].

Тыбыштар төмөнкүдөй классификацияланган: үндүү тыбыштар:

1. Эринге карай: а) ачык үндүүлөр (а, ы, е, і); б) эриндүү үндүүлөр (о, ө, и, у).
2. Жаакка карай: а) кең үндүүлөр (а, о, ө, е); б) кууш үндүүлөр (и, у, ь, і).
3. Үндүн созулушуна карай: а) созулма үндүүлөр (аа, ее, ии, уу, оо, өө); б) кыска үндүүлөр (ь, і).

Кыргыз тилиндеги үндөштүк закону төмөнкүдөй классификацияда берилген.

| **Уңгунун акыркы муунундагы үндүү** | **Андан кийин келүүчү үндүүлөр** |
|---|---|
| **а, ь** | **ь** |
| **е, і** | **і** |
| **о, и** | **и** |
| **ө, у** | **у** |
| **а, ь, и** | **а** |
| **е, і** | **е** |
| **о** | **о** |
| **ө, у** | **ө** |

Бул таблицада мындан кийин жазылган окуу китептеринде, бөтөнчө жалпы билим берүүчү мектеп окуучуларына арналган окуулуктарда, кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшүнө арналган илимий эмгектерде өзгөчө өзгөртүлбөстөн берилип келе жаткандыгына күбө болобуз.

Кыргыз тилиндеги тыбыштарды сыпаттаган кийинки китеп, бул Ү.Асылбековдун “Грамматика. Морфология” окуу китеби болуп эсептелет. Бул окуу китебинде кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшүн изилдөөдө биринчи жолу тыбыштык органдардын артикуляциясы (кыймылы, иштеши) берилген. Бирок ал кимден, качан, кантип алынгандыгы айтылган эмес. Аталган китепте мындан мурунку окуу китептеринен айырмаланып кыргыз тилинин тыбыштарынын мүнөздөмөсү берилип, анын негизинде тыбыштар

классификацияланган [Асылбеков, 1940]. Үндүү тыбыштардын классификациясы К.Тыныстановдун классификациясына дал келет.

Азыркы кыргыз тилинин үндүүлөр системасын сыпаттаган эмгек 1959-ж. жарык көргөн К. Дыйкановдун “Кыргыз тилиндеги үндүүлөр” деген китеби болуп эсептелет. Бул эмгек атайын изилдөөдөн алынган жыйынтык эмес. 1957-1958-окуу жылында сырттан окуудан студенттерге арналган лекциянын толукталып, такталып иштелген түрү. Эмгектин аталышына караганда иш азыркы кыргыз тилиндеги үндүүлөрдү мүнөздөөгө тийиш эле. Бирок автор фонетиканын маселелерин, фонема, жазуу, алфавит, тыбыш жана тамга, үндүү жана үнсүз тыбыштар, тамгалардын жазуу эрежелери, фонеманын колдонулушу, сингармонизм, созулма үндүүлөрдүн пайда болушу, башка тилдерден өздөштүрүү жана башкалар камтылган.

К.Дыйкановдун аталган эмгеги үндүү тыбыштардын артикуляциялык-акустикалык жактарын толук жана ар тараптан сыпаттого умтулбайт. Автор үндүүлөрдүн артикуляцияланышын мүнөздөөгө, сингармонизм менен үндүүлөрдүн түшүп калышын, созулма үндүүлөрдүн пайда болушун, үндөштүктүн өздөштүрүлгөн сөздөрдө сакталбай калышын баяндаган. Ал эми басым, үндүүлөрдүн комбинатордук-позициялык өзгөрүшү сыяктуу негизги маселелерге көңүл бурган эмес.

Эмгектин экинчи бөлүмүндө, автордун кыргыз тилиндеги үндүү тыбыштарга болгон көз карашын баяндалып, классификациясы берилип, кыргыз тилиндеги үндүүлөрдүн айрым тектеш түрк тилдериндеги үндүүлөр менен салыштырмасы (азыркы термин боюнча тектештирмеси) келтирилген. Тектештирүү казак, хакас, тоолуу алтай ж.б. тилдер алынган.

К.Дыйканов аталган эмгегинде кыргыз тилиндеги үндүүлөр жөнүндө ага чейинки жарыяланган иштердеги мүнөздөмөдөн айырмаланган жаңы кабар берген эмес. Ага чейинки үндүү фонемалар жөнүндөгү белгилүү мүнөздөмөлөрдү берип, үндүүлөрдүн жасалуу ыгына байланыштуу өзүнүн классификациясын сунуштаган.

К.Дыйкановдун эмгегинде айрым терминдерди колдонушу да күмөндөөнү жаратат. “Качкын үндүүлөр” сандык редукцияны, каткалаңдашууну, үндүүлөрдүн түшүп калышын баяндоого колдонулган. Ошону менен бирге автордун үндүүлөрдүн сандык редукциясына келтирген фактыларды кыргыз тилинде колдонулбайт жана дээрлик жолукпайт (мисалы: жылтрак, укрук, бүкрү, топрак, жаңлыш, аклы, аслы, келни, клычта ж.б.). “Келгин үндүүлөр” термини кыргыз тил илиминде көптөн бери колдонулуп, жалпыга түшүнүктүү “үндүүлөрдүн протези” дегендин ордуна колдонулган. Бул термин үндүүлөрдүн протезин дээрлик чагылдырбайт деген ойдобуз.

Эмгекте созулма үндүүлөрдүн пайда болушу жана колдонулушу туура баяндалган. Ошондой эле кыргыз тилинин созулма үндүүлөрү башка түрк тилдеринен айырмасы ачык түшүнүктүү сыпатталган [Дыйканов, 1959:66].

Азыркы кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшүнө атайын арналган эмгек - “Современный киргизский язык” деген И.А.Батмановдун китеби. И.Батмановдун эмгеги киришүү, эки бөлүк жана жыйынтыктан турат. Кириш бөлүгүндө кыргыз элинин тарыхын, анын маданияты, чарбасы, кыргыздардын Енисей боюнан азыркы жашап турган жерине келиши баяндалган. Ошону менен бирге “кыргыз” дегени улуттук аталыштын пайда болушун тарыхый-археологиялык жана этнографиялык материалдарга таянып, маанисине ачып, тактоого аракет жасаган. Кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшү башка түрк тилдеринен айырмаланып ачып берүүгө тийиштүү аракет жасаган. Ошондой эле кыргыз тилин башка түрк тилдеринен айырмаланган грамматикалык типтүү классификациялык белгилери төрт пункт менен ишенимдүү баяндалган.

“Үндүүлөр” бөлүмүндө фонемалардын артикуляциялык мүнөздөмөсү менен бирге кыргыз жана орус тилдериндеги үндүүлөрдү салыштыруу, басым, үндүүлөрдүн комбинатордук өзгөрүшү, муун жана структурасы, муундун түзүлүшү, ал эми “үнсүздөр” бөлүмүндө жалпы түрк тилдеринин уңгу-сөздөрүндөгү үнсүздөргө кыргыз тилиндеги үнсүздөрдүн дал келишин, айырмачылык -өзгөчөлүгү, орус тилиндеги үнсүздөргө салыштыруу, үнсүздөрдүн комбинатордук өзгөрүшү, диссимляция жана ассимиляция, сөз-негизде үнсүздөрдүн позициялык жайланышын баяндаган [Батманов, 1956].

Жыйырманчы жүз жылдыктын экинчи жарымында кыргыз тилинде жаңы ыкма эксперименталдык иликтөө башталып, кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшү боюнча бир топ эмгектер жарык көрдү. Алардын арасында профессор Т.Ахматовдун “Звуковой строй современного киргизского литературного языка: экспериментально-фонетическое исследование» аттуу изилдөөсү кыргыз эксперименталдык фонетикасына негиз салган изилдөө болуп калды. Аталган эмгекте азыркы кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшү кимографиялык, рентгенофиялык, палатографиялык, спектрографиялык, кинорентгенографиялык, осциллографиялык методдорду колдонуп акустикалык, артикуляциялык жана лингвистикалык жактан изилдөөгө алынып, тийиштүү жыйынтык чыгармачылыгын жогоруда аталган эмгектерде көрөбүз [Ахматов, 1968; 1970].

2006-жылы жарык көргөн Ташполот Садыковдун “Азыркы кыргыз тили: фонетика” (лекциялык курс) аттуу эмгеги тилдин тыбыштык түзүлүшүн иликтөөдө баяндама фонетикалык ыкма менен бирге тыбыштык түзүлүштү инструменттерди колдонуу ыкмасы аркылуу алынган материалдарды айкалыштыруу менен лекциясын түзгөндүгү колдоого татыктуу.

Ошондой эксперименталдык ыкманын колдонулушу Т.Садыковдун лекциялык курсунан айкын байкалып турат. Натыйжада аталган лекциялык курста фонетиканын үч аспектисине: акустикалык (үндүн термелүү жыштыгы, үндүн бийиктиги, термелүүнүн амплитудасы, үндүн күчү, үндүн узундугу (созулушу), үндүн тембри жана спектри, артикуляциялык (тыбыш жасоого катыша турган дем алуу, үн чыгаруу, тыбыш жасоочу органдар) жана тилдик аспектиси мүнөздөлгөн.

Лекциялык курста кыргыз тилиндеги үндүүлөр системасы менен үнсүздөр системасынын айырмасы акустикалык, артикуляциялык жана лингвистикалык айырмачылыктарын эксперименттен алынган жыйынтыктар менен бергендиги өткөн жүз жылдыктын 20-30-жылдарынын аягына чейин жарыяланган илимий эмгектерди, окуу китептеринен кескин айырмаланып турат.

Лекциянын автору кыргыз тилиндеги тыбыштарды сыпаттоо үчүн тыбыштык органдарды баяндап, ар биринин кыймыл-ишин мүмкүн болушунча тигил же бул тыбышты артикуляциялоого катышын билүүгө аракет жасагандыгы ачык байкалып турат. Ошондуктан үндүү тыбыштар менен үнсүз тыбыштардын айырмасы үндүүлөр жалаң тондон турса, үнсүз тыбыштардын өзөгүн шыбыш менен шоокум түзөөрүн туура белгилегендигин колдоого татыктуу деп эсептейбиз. Анын үстүнө үндүү тыбыштардын артикуляцияланышында тыбыш органдарынын эч кандай тоскоолдугуна учурабай, өпкөдөн чыгып келе жаткан абанын агымы үн түйүндөрүн кыймылга келтирип дирилдетип, сыртка эркин чыгышын туура белгилеген. Үндүүлөрдүн муундун өзөгүн түзөрүн, үнсүз тыбыштар кошумча компоненти болору да алгылыктуу көрсөтүлгөн.

Лекциялык курста кыргыз тилиндеги үндүү тыбыштардын кең-кууштугун, жаактын ачылышына байланыштуу карагандыгы, бул эреже түрк тилдеринин бардыгына бирдей

таралат деген пикири алгылыксыз. Үндүүлөрдүн кең-кууштугу тилдин жогору көтөрүлүшү – төмөнтүшүүсүнө, б.а., тилдин вертикалдык кыймылына байланыштуу экендигин эстен чыгарбоо керек [Садыков, 2005:112].

Үндүүлөрдүн жоон-ичкелиги жана ачык-эриндүүлүгү артикуляциялык жактан туура көрсөтүлгөндүгүн белгилейбиз. Башка эмгектерден жана окуу китептеринен айырмаланып бул лекциялык курста Н.С.Трубецкойдун пикирине толук кошулуп, үндүү тыбыштардын оппозициясын алгачкылардан билим берүүгө киргизген.

Жыйынтыктап айтканда, лекциялык курстун автору фонетикалык адабияттар менен толук тааныш экендигин, андагы пикирлерди өздөштүргөндүгүн көрсөтө алган. Айтылган ал сын пикирлердин тегерегинде ой жүгуртүп, айрым тактоолорду киргизсе, иш мындан да алгылыктуу болору талашсыз.

**Колдонулган адабияттар**:

1. Тыныстанов К. Ene tilibiz [Текст] / К.Тыныстанов. –Ф., 1926.
2. Тыныстанов К. Кыргыз тилинин морфологиясы [Текст] / К.Тыныстанов. Экинчи басылышы. –Б., 1996.
3. Асылбеков Ү. Грамматика. 1-бөлүк, морфология [Текст] / Ү. Асылбеков. –Ф., 1940.
4. Дыйканов К. Кыргыз тилиндеги үндүүлөр [Текст] / К.Дыйканов. –Ф., 1959. -66 с.
5. Батманов И. А. Современный киргизский язык [Текст] / И. А. Батманов. –Ф., 1956.
6. Ахматов Т.К. Звуковой строй современного киргизского литературного языка. Ч.I [Текст] / Т.К.Ахматов. -Ф., 1968.
7. Ахматов Т.К. Звуковой строй современного киргизского литературного языка. Ч.II [Текст] / Т.К.Ахматов. -Ф., 1970.
8. Садыков Т. Азыркы кыргыз тили: Фонетика (лекциялык топтом) [Текст] / Т.Садыков. –Б., 2005. -112б.

**Рецензент: филол.и.к., доцент Каратаева С.К.**